ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

УДК: 821:82-32 DOI: 10.35803/1694-5298.2021.1.57-60

**КЕЛДИБЕКОВА Ж.К.**

[1]КРУИАнын Ч.Айтматов атындагы
Тил жана адабият институту, Бишкек, Кыргыз Республикасы
Институт языка и литературы им. Ч.Айтматова НАН КР, Бишкек, Кыргызская Республика

**KELDIBEKOVA ZH.K.**

[1]Institute of Language and Literature named after Ch.Aitmatov NAS KR, Bishkek, Kyrgyz Republic
e-mail: zhibek.keldibekova@mail.ru

## ПОСТСОВЕТТИК МЕЗГИЛДЕГИ КЫРГЫЗ АҢГЕМЕЛЕРИ (А.САСПАЕВДИН МИСАЛЫНДА)

## КЫРГЫЗСКИЕ РАССКАЗЫ ПОСТСОВЕТСКОГО ПЕРИОДА (НА ПРИМЕРЕ ТВОРЧЕСТВА А. САСПАЕВА)

## KYRGYZ STORIES OF THE POSTSOVIET PERIOD (ON THE EXAMPLE OF THE CREATION OF A. SASPAYEV)

*Кыргыз аңгемелери күндөлүк тиричиликтен, кадимки турмуштук жагдайдан терең, жандуу сүрөттөлгөн. 70-80-жылдары аңгеме жанрынын өнүгүү этабы болгон. Адабиятка өзгөчө стилдеги чыгармалары менен жаш калемгерлер келип, жанрдын андан-аркы өсүшүнө салым кошушкан. Андыктан, сапаттык жактан өнүгүүсү үчүн атайын талкуулар уюштурулган. Бул саамалык аңгеме жанрынын дианмикалуу өсүштө экенинен кабар берген. Талантуу жазуучу А.Саспаевдин аңгеме жанрынын өнүгүүсүнө кошкон салымы зор. Андыктан, анын чыгармачылыгына токтолууну туура көрдүк.*

***Өзөк сөздөр:*** *проза, тема, жазуучу, аңгеме, кулк-мүнөз, муун, талант, тенденция.*

*Переход кыргызских рассказов от обыденного бытописательства к глубокому и живому изображению действительности приходится на новый этап развития жанра рассказа, т.е. на 70 – 80 годы прошлого столетия. В литературу приходят молодые писатели со своим особенным стилем, их произведения внесли заметный вклад в дальнейшее развитие жанра. Качественному росту жанра способствовала и организация специальных обсуждений, что одновременно свидетельствовало и о динамичном его развитии. Велик вклад талантливого талантливого Амана Саспаева в развитие жанра рассказа. Потому мы и решили остановить своё внимание на его творчестве.*

***Ключевые слова:*** *проза, тема, писатель, рассказ, персонаж, поколение, талант, тенденция.*

*The transition of Kyrgyz stories from everyday life writing to a deep and vivid depiction of reality falls on a new stage in the development of the story genre, i.e. for 70 – 80 years of the last century. Young writers come to literature with their own special style, their works have made a significant contribution to the further development of the genre. The qualitative growth of the genre was also facilitated by the organization of special discussions, which at the same time testified to its dynamic development. The contribution of the writer Aman Saspayev to the development of the genre of the story is great. That is why we decided to stop our attention on his creation.*

***Key words:*** *prose, theme, writer, story, character, generation, talent, trend.*

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

60-жылдары кыргыз прозасында мурдагы көркөм бийиктиктерди тереңдетүүгө адам аң-сезиминин көп кырдуу катмарын пайдаланып, пендечилик психологиясын ар тараптуу ачууга, жалпы адамзаттык проблеманы берүүгө умтулса, 70-80-жылдары ал кыйла тереңдеген. Бул саамалык адабиятта көбүнчө жаңы көз-караштын, жаңы муундун келиши менен түшүндүрүлүп жүрөт.

70-80-жылдары адабий процессте кыргыз прозасы алдыга суурулуп, өзүнчө бир көзгө толумдуу ийгиликтерди жаратып, чыгармачылык өнүгүштүн алдыңкы сабында болуп, маанилүү проблемалардын көтөрүлүшү жана алардын туундусунан жаңы багыттардын жаралышы менен байланыштырсак болот. Ал мезгилдеги кыргыз аңгемелери күндөлүк тиричиликтен, кадимки турмуштук жагдайдан терең, жандуу сүрөттөлгөн. Мындай темалар өз кезегинде бардык сүрөткерлердин көркөм чыгармачылыкка болгон жаңыча мамилесин талап кылган. Адабиятчы М.Жумаев кыргыз аңгемечилерин ХХ кылымдын 80-жылдарынын экинчи жарымынан тарта улуу, орто жана кийинки деп, муунга жараша шартуу бөлгөн: “Т.Сыдыкбеков, Ж.Мавлянов, А.Саспаев, З.Сооронбаева сыяктуу улуу муундун өкүлдөрү, орто делинген М. Гапаров, К.Жусубалиев, А.Стамов, Д. Казакбаев, К.Акматов жана башкалардын, кийинки делинген М.Мамазаирова, К.Абдышев, Ж.Жапиев, Т.Абдиева, К.Кушубековдордун, соңку саналган Ж.Осмонкулов, Т.Шайдуллаевалардын чыгармачылыгынан турат.” [3]

Мына ушул универсалдуулук 70-80-жылдары такшалган жазуучуларды да, колуна калем кармаган жаш талапкерлерди да кызыктырып, өз күчүн сынап көрүүгө, чыгармачылык почеркин табууга, “эркин” иштөөгө мүмкүнчүлүк болгон. Стилдик форманы ачууда ар бир жазуучу өзү терең билген тематикага кайрылып, аны эң бийик деңгээлине чейин жеткирүүгө аракеттенишет. Мындай тематикага көбүнесе сүрөткердин башынан өткөн, же ал көп нерсе айтууга мүмкүнчүлүгү бар турмуштук этаптарга кирген. Жөнөкөйлүштүрүп айтканда, айрым жазуучулардын балалык күндөрү өткөн каардуу согуштун оор күндөрү, андан мурдараак орун алган бийликтин кысымын көрүп, анын көп кырдуу азап-тозоктору, кан күйгөн уруштун кайгы-муңу, андан бери жылганда көзгө даана көрүнүүчү бүлүнгөн чарбаны кайра калыбына келтирүүгө карата жүргөн аракеттер, 50-жылдардагы жетип-жетпеген турмуш, дал ушул мезгилде социализмдин ийгиликтерине шыктанган, таасирленген муундун коомдук турмушта аралашуусу активдүүлүгү, анан барып-келип 60-жылдардан берки социалисттик жашоо образды чагылдырууга умтулган эмгек адамынын көркөм иштелип ж.б. чыгармачылыкта ар кандай тематиканын өзөгүн түзгөн. Мындан улам аңгеме жанрында активдүү автордук позицияга ээ болгон өз мезгилинин чыгармачыл чыңалууга ээ интеллектисин издөөгө өбөлгө болгон. Анткени, бул мезгилде социалдык окуялардын борборунда адамдын коомдогу орду, өз ара мамилеси жаңыча көркөм иликтенүүнүн натыйжасында көрүнгөн моралдык-нравалык проблемалар, инсандык турмуш жолундагы татаалдык ар бир жазуучун өз стилин табууга таасирин тийгизген. Дал ушул көрүнүштүн натыйжасында 70-80-жылдары аңгеме жазууга активдүү киришип, образ түзүүнүн, сюжет куруунун, баяндоонун ж.б. компоненттердин жеке өзүнө таандык чеберчиликтерин таап, ар ким өз алдынча адамдын көп кырдуу психологиясын ачууга, реалдуу көркөм чындык түзүүгө, ар кандай тематикага сүңгүп кирип, коомчулук үчүн керек болгон проблемаларды чагылдырууга эгедер болушкан.

Ар бир элдин көркөм сөз өнөрү элдин тарыхы, социалдык-саясий абалы менен тыгыз байланышта болот. Совет өкмөтүнүн курулушу сөзсүз түрдө кыргыз элинин тарыхындагы бир жаңылык. Мындай тарыхый кубулуш кыргыз профессионал адабиятынын пайда болушуна, өнүгүшүнө тарыхый-маданий жактан өзгөчө шарт түздү. Орус адабият таануучусу В.Скобелев бул тууралуу мындай деген ойду айтат: “Каждое художестаенное произведение несет на себе отпечаток времени его сдадания. Читая произведение, постигаешь и социальную идеологию тех лет, и связанную с ней мораль, и присущий данной эпохе уровень знаний” [8]. Адабият менен искусство доор алмашуудан улам саясий, экономикалык,

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

идеологиялык жана башка жагдайларга байланыштуу, адамдардын кулк-мүнөзүндөгү, нравалык, психикалык өзгөрүүлөрдү оперативдүү чагылтуусу зарыл болгон.

1985-жылы кайра куруудан кийин көркөм адабиятта да жаңылануулар болду. Аны баалоо үчүн аңгеменин абалы тууралуу талкуу "Ала-Тоо" журналында (1985-1986) уюштурулду. 1985-86-жылдары кыргыз аңгемесинин көркөм-эстетикалык жетишкендиктери, проблемалары тууралуу «Ала-Тоо» журналынын сандарында кеңири талкуу жүргүзүлдү. Анда көптөгөн аңгемелер жазуучулардын чыгармачылыгы, аңгемечилик өнөрканасы тууралуу бир топ сөздөр айтылган. Кыргыз аңгемесинин абалы жөнүндө талкууга катышкан сынчылардын макалаларында ошол кездеги, адабияттагы ички процесстер, жаңыруу тенденциялары байкалган. Аңгеме жанрында кандайдыр бир интеграциялык өзгөрүүлөр, ички кыймылдар болуп жаткандыгын кийинки жылдарда жарык көргөн чыгармалар ырастап турат.

Анда, А.Саспаевдин (“Каныкейдин алтын билериги”, “Алп Арсландын керээзи”) менен катар кыйла калемгерлердин аңгемелери талкуу чордонунда болду. Талкууда К.Жусубалиевке бири “аңгемелеринде диалект, говор сөздөр, вульгардык сөздөр көп” [5] деп доомат койсо, башкасы "аңгемелери окуганга чынында эле кызыктуу: бурулуш-буйткалуу турмуштук сюжеттерге, күтүлбөс, таасын мүнөздөргө бай, элдик нукура лексикага каныккан тили элпек, таасирдүү, куйкумдуу диалогдору табигый, ийкемдүү" деп далилдеген [6]. Ал эми М.Апышев калемгердин чыгармаларын “жалпы кыргыз аңгемесиндеги жаңы изденүүлөрдү ырастоочу” факт катары санаган [1]. Ошону менен бирге ал кыргыз аңгемесинин дүркүрөп өскөн, жетилген чагы 60-70-жылдары болгон деп эсептерин билдирсе, “бүгүнкү мүдөө-чаңкоону кандыра алар үлгүлөрдүн анча көрүнбөй” тургандыгын белгилеген ойду С.Станалиев улаган [7].

Таланттуу жазуучу Аман Саспаевдин аңгеме жанрына кошкон салымы зор. “А.Саспаевдин каармандарын оң же терс деп бөлө айта албайсың, анын чыгармаларында көнүмүш болгон терс каармандар жок десек да болот, албетте, адамдын мүнөзүндөгү айрым кемчиликтер бар, бирок, ошол каарман өз кемчилигин сезип, уялып калат.” [4]. А.Акматалиевдин акыйкат пикирине кошумчалап кеткибиз келген нерсе, жазуучунун аңгемелеринде ууру, киши өлтүргүч, талап-тоногон, мамлекетке зыян келтирген образдар жана каармандар да кездешпейт. Биздин оюбузча мунун себеби А.Саспаевдин ар дайым таза, абийирдүү нерселерди даңазалоо ниетинен болуу керек. Актык, тазалык аркылуу адамды тарбиялоо жазуучунун чыгармачылык негизин түзөт.

Жазуучунун "Шейшеп" аңгемесинде лирикалык каармандын образы элүү мүнөт ичинде ачылат. Каармандын оюнун бардыгы дүкөндөгү сатылып жаткан шейшепте. "Дагы бирден эле тиги үч шейшепке көзүм түштү. Иним келгиче бирөө алып кетпесе экен! – деп инисин тынчсыздануу менен күтүп жатты. Акыры көздөгөн максатына жетип, колуна шейшеп тиет. "Шейшепти алдым. Бирок турмуштун өзү кандай адилет дебейсиздерби! Чынын айтуу керек, ач көздүк келтирген уятка чыдоо – шейшептин эң асылына жатуудан да, кыскасы: баарынан кыйын экен..." автор бул сөздөр менен Жаңылдын образын толук ачып берди. Аңгемелеринин сонунда негизги ойду берүү А.Саспаевдин аңгемелеринин көбүнө мүнөздүү көрүнүш. А.Саспаев аңгемелеринде жалаң гана адамдарды өз чыгармаларында каарман катары албастан, жан-жаныбарларды, өсүмдүктөрдү да көп сүрөттөйт.

"Сарала ит" аңгемеси окурмандар арасына тез эле тарап, өзгөчө бир жылуу маанайда кабыл алынды. Жазуучу Ашым Жакыпбеков ал чыгарма жөнүндө: "... кыргаз "инетеллектуалдарынын" деңгээлин көрсөттү. Ошол "Сарала иттен" кийин Э.Хемунгуэй түгүл Фицжеральд, Жой сыяктуу улуулардын ойлорун түшүнө баштадык" – деп белгилеген эле [4]. Өтмө мааниде алынган иттин образын адам турмушу менен байланыштыруу жагын окурмандардын эркине коюп, аларды ойлонууга мажбур кылган ушул чыгарма туурасында адабиятчы Л.Лебедева: "Аңгемеде жазуучу кичине нерседен чоңду көрсөтө алган. Жолбун иттин иттей элесин, ички дүйнөсүнүн чагылдырылышын сүрөттөөдө зор ийгшшкке жетишкен. Портреттик мүнөздөмөлөрдүн эң эле так жана кыскалыгы каармандын ички сезимин ачууга жардам берип, сатиралык талант өзүнөн-өзү чыга келет. Автор каармандын

жашоо образынын, тышкы күрөштөрүнүн бир-эки белгисин берүү менен юмордук образ түзүүгө, аны турмупггагы чакан окуялар менен органикалык түрдө өтө чебер байланыштыра алган. ” – деп, чыгарманы сатиралык миниатюра катары баалайт [4].

Көркөм адабий чыгарманын тили жазуучунун көркөм образ жаратууда эң негизги каражаты болуп саналат. Жазуучу автордук кеби үчүн, каармандарынын диалогу, монологу үчүн кылдаттык менен сөз жана сөз айкаштарын тандап алат. Каармандарынын образын так ачып, чыгармасынын көркөм тилин дагы да таасирдүү бериш үчүн жазуучу троптун түрлөрүн, эпитет, салыштыруу, фразеологизм, макал-ылакап, орду менен вульгаргом, архагом жана историзм сөздөрүн колдонот. "Всякий материал, а язык особенно требует тщательного отбора всего лучшего, что в нем есть – ясного, точного, красочного, звучного и – дальнейшего любовного развития этого лучшего" [2].

“А.Саспаевдин аңгемелеринин тили жөнөкөй, ылайыгы келген жерде макал-ылакап, фразеологизм, орусча сөздөрдү да колдонот. Аңгемелеринин тили жазуучунун каармандарынын жашына, социалдык абалына жараша чебер берилет. Аңгемелериндеги диалогдор, каармандардын сүйлөө речиндеги интонациясы так кармалат жана өз ордунда” [9]. Мисалы, "Ууру" аттуу аңгемесинде А.Саспаев музоо кайтарып жүргөн кичинекей Эркиндин балалык жан дүйнөсүн алма бактын кароолчусу Бөкөбай менен болгон маегинде дагы да тасирдүү ачып берет. "Алма издеп жүрөм, - деди шашып калган бала жаңылышып, Бөкөбайдын балага: "Үзгөн алмаларыңды кайда ыргыттың? Ач оозуңду!" – деп катуу сүйлөгөнү кароолчунун ошол моменттеги психологиялык абалынан так жана таамай кабар берет.

Кыргыз аңгемечилердин философиясы терең, психологизми күчтүү. Жазуучулар эмне жөнүндө жазышпасын, кийинки мезгилде аны адабияттын биринчи предмети болгон адам маселесине байланыштырып, курч драмалуу сүрөттөөгө өтүшкөн. Адам тагдыры, анын ички – тышкы турмушу, жашоодогу жолуккан карама-каршылыктар жана аларды жеңүүгө карата аракеттери, үй-бүлөлүк маселелери кеңири масштабда каралгандыгын байкадык.

**Адабияттар тизмеси**


1. Апышев М. Абалың кандай аңгеме [Текст] / М.Апышев //Ала-Тоо. – 1985. - № 9.
2. Горький М. О литературе [Текст] / М.Горький. – М.: Советский писатель, 1953, – с. 178.
3. Жумаев М. Өткөөл мезгилдин адабий процессиндеги кыргыз прозасынын тенденциясы. [Текст]: фил. илим. доктору., авторефераты. 10.01.01. / М.Жумаев. – КУУ. – Б.: 2014. – 43 бет.
4. Кыргыз адабиятынын тарыхы [Текст] VIII том / А.Акматалиев, А. Жакыпбекова. – Б.: Полиграфбумресурс. – 2012. – 82-83-б.
5. Пазылов А. Кичине жанрдын чоң маселелери [Текст] / А.Пазылов //Ала -Тоо. – 1985. - №6.
6. Токтомушев А. Сөз өнөрүнүн башаты [Текст] / А.Токтомушев //Ала-Тоо. – 1985. - № 11.
7. Станалиев С. Тай буурул да тай болгон [Текст] / С.Станалиев //Ала-Тоо. – 1985. - № 1.
8. Скобелев В.П. Поэтика рассказа [Текст] / В.П. Скобелев. – Воронеж, 1986.
9. Сасыкулова Ч. Кыргыз-түрк аңгемелери, салыштырма типологиялык анализ.

[Текст]: фил. илим. канд., авторефераты. 10.01.01. / Ч.Сасыкулова. – БГУ. – Б.: 2011. 23 б.

10. Келдибекова Ж. Ангеме жанрынын өнүгүү этаптары [Электронный ресурс] Ж.Келдибекова / Вестник КГУСТА. -2020. - №2(68). – Режим лоступа: https://www.elibrary.ru/item.asp?id=44867424

11. Турдубаева Н.Ш. Жунго кыргыздарыны кыргыз калемгерлери антологиясы тууралуу [Электронный ресурс] / Н.Ш.Турдубаева Вестник КГУСТА. – 2020. - №3(69). – Режим доступа: https://www.elibrary.ru/item.asp?id=45684312